“МАКУЛДАШЫЛДЫ”
ОшМУнун ректору, профессор
К.Г. Кожобеков ________________
“___” ________ 2026-ж

“БЕКИТЕМИН”
ОшМУнун профкомунун кеңешмесинде
токтом № 1 “29” ________ 2026-ж
Төрага А.Э. Саттаров ________________

**23-февраль Ата-Мекенди коргоочулардын күнүнө карата уюштурулуучу бильярд боюнча мелдештин**

**ЖОБОСУ**

**Мелдешти өткөрүү эрежелери:** Бильярд оюнун пропагандалоо, ОшМУнун күчтүү оюнчуларын аныктоо жана ден-соолуктарын чыңдоо.

**Мелдешти өткөрүү тартиби:** Мелдеш катышуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, ар бир факультет, институт жана коллеждерден 45 жашка чейинки категория жана 45 жаштан жогорку категорияга бөлүнүп өткөрүлөт. Башкача айтканда ар бир факультет/коллеждерден 45 жашка чейинкилерден бир кызматкер, ал эми 45 жаштан жогоркулардан бир кызматкер катышат. **Эскертүү:** Кызматкерлеринин саны 180ден көп болгон **төмөңкү жамааттарга** кошумча бир орунга квота берилет, 45 жашка чейинки же болбосо 45 жаштан жогорку категорияга эки кызматкердин катышуусу мүмкүн: **медицина факультети, Эл аралык медицина факультети, административдик чарба департаменти, филология жана маданият коммуникация институту, педагогика, искусство жана журналистика институту, тарых жана юридика институту, МФТИТИ, ТТДТАТИ, Медициналык колледж.**

Мелдеш “**Москва пирамидасы**” эрежеси мененөткөрүлөт. Ар бир категорияда өзүнчө чучу кулак тартылып ким ким менен ойноосу аныкталат. Катышуучулардын санына жараша компьютердик программа аркылуу сетка түзүлөт (Мисалы: 16, 24, 32 - киши катышкан сетка болуусу мүмкүн). 1-турда, чучу кулактын негизинде ар ким өзүнүн атаандашы менен ойнойт. Беттешүүлөрдүн баары эки жеңишке чейин улантылат. Жеңүүчү **“верхний”** сетка менен оюнун улантат, ал эми жеңилген оюнчу **“нижний”** сеткага түшүп оюнун улантат. **“Нижний”** сеткага түшкөн оюнчу кайрадан утулуп калса, мелдештен четтетилет. Катышуучулардын санына жараша 1/16 же 1/8 ден баштап **“Олимпийский”** системасы боюнча ойношот. Турнирге катышуу үчүн ар бир оюнчу **500 сомдон** кирүү акы төлөшөт.

**Сыйлоо:** Мелдештин жеңүүчүлөрүнө кубоктор, акчалай сыйлыктар, белектер, дипломдор тапшырылат. Мындан сырткары, бардык катышуучуларга жана күйөрмандарга ОшМУнун профсоюз комитети тарабынан эстелик белектер тапшырылат жана түшкү майрамдык тамак уюштурулат.

**Эскертүү:** *Ар бир катышкан кызматкер **ОшМУда 1,0 штаттык бирдикте (ОшМУда эмгек китепчеси)** болуусу зарыл, б.а. **айкалыштыруучу** катыша албайт, **турнир 22-февралда саат 9.00 да, “ЭВЕРЕСТ”** бильярд клубунда **башталат (адрес: Фуркат, Борубаев Пати көчөсү 6/1). Өтүнүчү жок же кечигип келген оюнчулар оюнга киргизилбейт.** Өтүнүч, протоколу менен 19-февралга чейин ОшМУнун профсоюз комитетине тапшырылуусу зарыл.* **Ал эми 2025-жылы 1чи орунду алгандар (45 жашка чейинки, 45 жаштан жогорку) катыша албайт, себеби өткөн жылы ошондой чечим болгон, бир жыл дем алуу болсун.**

**ОшМУнун профсоюз комитети**

Сканировано с CamScanner